| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**<br>**ЫСЫК-КӨЛ РАЙОНУ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ИССЫК-КУЛЬСКИЙ РАЙОН** |
| **САДЫР АКЕ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**<br>**АЙМАКА** | **АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ САДЫР**<br>**АКЕ АЙЫЛНОГО** |

---

**Садыр аке айылдык Кеңешинин эл депутаттарынын**
**28 чакырылышындагы кезектеги 12 сессиясы**

# ТОКТОМ

**2023-жылдын февраль айынын 10ну №72** **Григорьевка а**

**Садыр аке айыл аймактын муниципалдык менчигинде турган жер участокторуна ижара укугун берүү тартибин жана шарттарын жөнгө салуучу жоболорду бекитүү жөнүндө**

Уктарды түзүүнүн жана берүүнүн тартибин оптималдаштыруу жана өркүндөтүү максатында Садыр аке айыл аймагындагы жер участоктору, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 23.09.2011-ж №571 "менчик укугун акы төлөп берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө типтүү жобону бекитүү тууралуу" токтомун эске алуу менен, Кыргыз Республикасынын Жарандык жана Жер кодекстерине, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" жана "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" мыйзамдарына ылайык,ь эл депутаттарынын Садыр аке айылдык Кеңешинин 28 чакырылышындагы кезектеги 12 сессиясы **токтом кылат:**

1. Бекитилсин:
   - "Садыр аке айыл аймагынын муниципалдык менчигинде турган жер участокторуна ижара укугун акы төлөө менен берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө" жобо (тиркеме-1);
   - жер участогунун типтүү ижара келишими (тиркеме-3;
   - жеңилдетилген типтеги объекттер үчүн жер участогун ижаралоонун типтүү келишими (тиркеме-4) ;
   - жер участогуна менчик укугун сатып алуу-сатуунун типтүү келишими (тиркеме-5);

2. Садыр аке айыл өкмөтү "Айыл аймагынын Садыр аке муниципалдык менчигинде турган жер участокторуна менчик же ижара укуктарын акы төлөө менен берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө" Жобонун 2-тиркемесине ылайык ижара акысынын ставкаларын колдонуу менен эсептөө жүргүзсүн.

3. Садыр аке айылдык кеңеш тарабынан бекитилген тийиштүү

коэффициенттер боюнча мурда убактылуу пайдалануу үчүн берилген жер участокторун ижаралоо келишимин түзсүн.

4. Садыр аке №16 дареги боюнча жайгашкан МКС (АЗС) азыркы учурда иштебей жаткандыгына байланыштуу ижара келишими ай сайын 3,0 миң сом өлчөмүндө белгиленсин. Мындан ары МКС иштешинде ижара келишими ушул Жобого ылайык кайра каралат.

5. Бул токтом каттоодон өткөрүлсүн жана Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине ченемдик - укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн жөнөтүлсүн.

6. Бул токтомдун аткарылышын Садыр аке айыл өкмөтүнүн башчысы А. Орозалиевге милдеттендирилсин.

7. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Садыр аке айылдык кеңештин туруктуу жер комиссияларына жүктөлсүн.

**Төрага** **Чичканбаев Б.С**

Жиберилди: айыл өкмөткө-1, Облюстицияга-1, иш кагазына-1, Жайыт комитетине-1, Каржы бөлүмүнө-1.